## Мамлекеттик казына векселдер рыногу

*(2017-жылдын июнь айы)*

Кароого алынган мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги биринчилик рынокто казына векселдерин жайгаштыруу боюнча 5 аукцион өткөрүүнү пландаштырган. Натыйжада, бир аукцион - катышуучулардын саны жетишсиз болгондуктан, ал эми эки аукциондо аларга суроо-талап болбогондуктан жана катышуучулардын саны жетишсиз болгондуктан өткөрүлгөн эмес. Ошого карабастан, 2017-жылдын июнь айында жарыяланган эмиссия көлөмү өткөн айга салыштырганда 13,3 пайызга (340 млн сомго чейин) өскөн. Мында, МКВга суроо-талап көлөмүнүн 32,9 пайызга өсүшү байкалган, ал кароого алынган мезгилде 525,1 млн сом чегинде түптөлгөн.

Аукциондордун жыйынтыгы боюнча МКВларды жайгаштыруу көлөмүн мөөнөттүүлүк боюнча бөлүштүрүүдө төмөнкүчө белгиленген: кароого алынган мезгил ичинде 6 айлык МКВларды сатуу 58,5 млн сомду (өткөн айда суроо-талап жок болгондуктан жана катышуучулардын саны жетишсиз болгондуктан жайгаштырылган эмес); ал эми 12 айлык МКВларды сатуу - 220,0 млн сомду (ай ичинде +57,1 пайыз) түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде МКВлардын бардык түрү боюнча жалпы орточо алынган кирешелүүлүк көрсөткүчү ай ичинде 0,7 пайызга жогорулоо менен 5,3 пайыз чегинде калыптанган. Мында жүгүртүү мөөнөтү 6 айлык МКВлардын кирешелүүлүгү 4,0 пайызды, ал эми жүгүртүү мөөнөтү 12 айлык МКВлар - 5,7 пайызды (+0,7 п.п.) түзгөн.

Кароого алынган мезгил аралыгында Кыргыз Республикасынын бюджет тартыштыгын таза каржылоо көлөмү -135,3 млн сом өлчөмүндө түптөлгөн. 2017-жылдын июнь айынын жыйынтыгы боюнча Финансы министрлиги тарабынан 400,7 млн сом (-40,6 пайыз) суммасына мурда чыгарылган МКВлардын орду жабылган.

2017-жылдын июнь айынын жыйынтыгында жүгүртүүдөгү МКВлар көлөмү отчеттук жылдын баш жагындагы көрсөткүчкө салыштырганда 4,1 млрд сомго чейин (-5,9 пайыз) төмөндөгөн. Ушундан улам, негизги ээлик кылуучулар боюнча МКВлар түзүмү төмөнкүчө түптөлгөн: МКВларга негизги ээлик кылуучулар – коммерциялык банктардын үлүшү 17,1 пайыздык пунктка, 82,9 пайызга чейин жогорулаган; институционалдык инвесторлордун үлүшү, тескерисинче, 16,9 пайыздык пунктка, 16,4 пайызга чейин, ал эми юридикалык жактар-резиденттердин үлүшү 0,2 пайыздык пунктка, 0,7 пайызга чейин төмөндөгөн.

Кароого алынган мезгил ичинде МКВлар менен операциялар экинчи рынокто ишке ашырылган эмес.

**1-график. МКВга карата суроо-талап жана аны жайгаштыруу**



**2-график. МКВ боюнча суроо-талап, сатуу жана кирешелүүлүк көлөмүнүн динамикасы**




**3-график. МКВны сатуу көлөмүнүн динамикасы**




**1-таблица. Номиналдык нарк боюнча МКВга ээлик кылуучулардын түзүмү**

*миң сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Ком. банктар | | Институцион. инвесторлор | | Жеке адамдар - резиденттер | | Юридикалык жактар - резиденттер | |
| | | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак |
| 01.07.2016 | 4 669 410,0 | 2 730 525,0 | 58,5% | 1 914 675,0 | 41,0% | 0,0 | 0,0% | 24 210,0 | 0,5% |
| 01.08.2016 | 4 841 910,0 | 2 966 745,4 | 61,3% | 1 849 194,6 | 38,2% | 0,0 | 0,0% | 25 970,0 | 0,5% |
| 01.09.2016 | 4 950 910,0 | 3 018 660,4 | 61,0% | 1 891 879,6 | 38,2% | 0,0 | 0,0% | 40 370,0 | 0,8% |
| 01.10.2016 | 4 818 410,0 | 2 971 010,4 | 61,7% | 1 802 379,6 | 37,4% | 0,0 | 0,0% | 45 020,0 | 0,9% |
| 01.11.2016 | 4 998 910,0 | 3 176 484,1 | 63,5% | 1 777 405,9 | 35,6% | 0,0 | 0,0% | 45 020,0 | 0,9% |
| 01.12.2016 | 4 587 210,0 | 3 055 547,5 | 66,6% | 1 494 642,5 | 32,6% | 0,0 | 0,0% | 37 020,0 | 0,8% |
| 01.01.2017 | 4 307 710,0 | 2 835 547,5 | 65,8% | 1 435 142,5 | 33,3% | 0,0 | 0,0% | 37 020,0 | 0,9% |
| 01.02.2017 | 4 511 920,0 | 2 947 828,0 | 65,3% | 1 530 072,0 | 33,9% | 0,0 | 0,0% | 34 020,0 | 0,8% |
| 01.03.2017 | 4 713 900,0 | 3 168 404,2 | 67,2% | 1 520 525,8 | 32,3% | 0,0 | 0,0% | 24 970,0 | 0,5% |
| 01.04.2017 | 4 906 400,0 | 3 416 240,2 | 69,6% | 1 459 925,8 | 29,8% | 0,0 | 0,0% | 30 234,0 | 0,6% |
| 01.05.2017 | 4 719 100,0 | 3 583 635,2 | 75,9% | 1 107 775,8 | 23,5% | 0,0 | 0,0% | 27 689,0 | 0,6% |
| 01.06.2017 | 4 216 600,0 | 3 318 030,8 | 78,7% | 870 880,2 | 20,7% | 0,0 | 0,0% | 27 689,0 | 0,7% |
| 01.07.2017 | 4 055 100,0 | 3 362 220,2 | 82,9% | 664 470,8 | 16,4% | 0,0 | 0,0% | 28 409,0 | 0,7% |

**2-таблица. МКВ орточо айлык кирешелүүлүгүнүн динамикасы**

*пайыздар*

| Мезгил аралагы | Орточо салмактанып алынган киреш-к | Мөөнөттүүлүктүн түрү боюнча | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 3 ай МКВ | 6 ай МКВ | 12 ай МКВ |
| Июнь'2016 | 10,1 | 3,2 | 9,2 | 12,3 |
| Июль | 7,8 | 2,7 | 6,4 | 10,1 |
| Август | 5,7 | 2,2 | 3,8 | 7,2 |
| Сентябрь | 5,5 | - | 4,2 | 6,4 |
| Октябрь | 5,7 | 2,8 | 4,8 | 6,7 |
| Ноябрь | 5,8 | 3,0 | 4,9 | 7,4 |
| Декабрь | - | - | - | - |
| Январь'2017 | 5,3 | 2,7 | 4,3 | 6,8 |
| Февраль | 4,5 | 2,0 | 3,2 | 6,1 |
| Март | 4,1 | 1,6 | 2,8 | 5,5 |
| Апрель | 4,0 | 1,5 | 2,9 | 5,3 |
| Май | 4,7 | 2,0 | - | 5,0 |
| Июнь | 4,3 | - | 4,0 | 5,7 |

*"-" жарыяланган аукциондордун баары өткөрүлбөгөн катары таанылды*